**Ош эл аралык медициналык университетинин студенттерин практикадан өткөрүү боюнча**

**К Е Л И Ш И М**

Ош шаары "3" ноябрь 2025-ж.

**Ош шаарындагы №1 Үй-бүлөлүк медицина борборунун** (мындан ары – *Саламаттык сактоо уюму*) атынан , өзүнүн Уставынын негизинде иш алып баруучу директор **Халмурзаев Марат Мирполотович** биринчи тараптан, жана **Ош эл аралык медициналык университетинин** (мындан ары – *Университет*) атынан өзүнүн Уставынын негизинде иш алып баруучу ректор **Джумаев Равшанбек Мамадиевич** экинчи тараптан (мындан ары бирдикте *Тараптар* деп аталып), студенттердин практикаларын уюштуруп өткөрүү боюнча төмөндөгү мазмундагы келишимди түзүштү.

## 1. КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

1.1. Тараптар бекитилген графикке ылайык студенттердин, клиникалык ординаторлордун жана аспиранттардын практикалык окуусун уюштуруу иштерин Саламаттык сактоо уюмунун базасында жүргүзүү боюнча өз ара милдеттенмелерди алышат.
1.2. Калкка көрсөтүлүүчү медициналык кызматтын сапатын жакшыртуу максатында кадрдык, материалдык, финансылык жана илимий ресурстарды натыйжалуу пайдалануу боюнча биргелешкен иш жүргүзүлөт.
1.3. Саламаттык сактоо уюму менен Университеттин адистери биргеликте медициналык жардам көрсөтүшөт, уюмдун имараттары жана жабдуулары окуу жана дарылоо иштеринде колдонулат.
1.4. Университеттин студенттери, клиникалык ординаторлору жана аспиранттары үчүн окуу жана өндүрүштүк (клиникалык) практика Саламаттык сактоо уюмунун базасында Тараптардын өз ара макулдашуусу менен жүргүзүлөт.

## 2. ТАРАПТАРДЫН ӨНДҮРҮШТҮК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНДӨГҮ МИЛДЕТТЕРИ

**2.1. Саламаттык сактоо уюмунун милдеттери:**
2.1.1. Жогорку квалификациядагы адистештирилген медициналык жардам көрсөтүүдө жаңы профилактикалык, диагностикалык жана дарылоо ыкмаларын колдонуу.
2.1.2. 20-25 студент жана 1 окутуучу баткан окуу бөлмөсүн бөлүп берүү, ошондой эле медициналык жабдууларды окуу процессинде биргелешип колдонууга мүмкүнчүлүк түзүү.
2.1.3. Университет менен биргеликте:

- студенттерге, ординаторлорго жана аспиранттарга окуу жана дарылоо иштерин толук кандуу жүргүзүүгө шарт түзүү;
- кафедра кызматкерлерине жана дарыгерлерге педагогикалык, илимий жана дарылоочу ишмердүүлүк үчүн мүмкүнчүлүк берүү;
- Университет менен биргелешкен иш боюнча бардык буйруктарды, документтерди өз убагында жеткирүү;
- окуу жана изилдөө процесси үчүн тематикалык бейтаптарды кабыл алуу;
- мүлктүн жана жабдуулардын сакталышын камсыз кылуу.

**2.2. Университеттин милдеттери:**
2.2.1. Өзүнүн адистери жана окутуучулары аркылуу окуу, методикалык, дарылоо-консультациялык жардам көрсөтүү.

2.2.2. Саламаттык сактоо уюму менен макулдашуу аркылуу клиникалык семинарларды, конференцияларды өткөрүү жана медициналык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу.
2.2.3. Уюмдун ички тартибин, санитардык-гигиеналык жана этикалык нормаларды сактоо.
2.2.4. Уюмдун адистеринин квалификациясын жогорулатууга көмөк көрсөтүү.
2.2.5. Уюмдун жогорку квалификациялуу дарыгерлерин (илимий даражасы бар) Университетте сааттык негизде окутуучулук иштерге тартуу.
2.2.6. Уюмдун кызматкерлерине Университет уюштурган илимий жыйындарга катышууга мүмкүнчүлүк берүү.
2.2.7. Уюмдун кызматкерлерине Университеттин окуу жана илимий базасын, китепканасын жана жабдууларын пайдаланууга шарт түзүү.
2.2.9. Университет өзүнө бөлүнгөн окуу кааналарынын оңдоо иштерин өз эсебинен жүргүзөт.

**2.3. Университеттин практика жетекчисинин милдеттери:**
2.3.1. Саламаттык сактоо жана билим берүү боюнча мыйзамдарды, Университеттин жана уюмдун жоболорун сактоо.
2.3.2. Уюмдун жетекчилиги менен тыгыз кызматташуу жана окуу процессинин уюштурулушуна жоопкерчилик алуу.

## 3. МАТЕРИАЛДЫК ЖАНА МҮЛКТҮК МАМИЛЕЛЕР

3.1. Тараптар медициналык жабдууларды коопсуз жана туура пайдаланууну камсыз кылышат.
3.2. Техникалык тейлөө жана профилактикалык көзөмөл графиги сакталат.
3.3. Медициналык техника окуу, дарылоо жана илимий иштерде ак ниет колдонулат.
3.4. Биргелешип пайдаланылган кааналар таза жана тартиптүү абалда кармалат.

## 4. КЕЛИШИМДИН ӨЗГӨЧӨ ШАРТТАРЫ

4.1. Келишимдин аткарылышын көзөмөлдөө үчүн жооптуу өкүлдөр дайындалат:
- Саламаттык сактоо уюмунан – дарылоо иштери боюнча орун басар;
- Университеттен – практика башчысы.

Бул өкүлдөрдүн милдеттери:
- келишимдин ишке ашырылышын уюштуруу;
- биргелешкен иштер боюнча сунуштарды даярдоо;
- кадрларды тандоо жана сунуштоо;
- иштин жүрүшү тууралуу тараптардын жетекчилигин үзгүлтүксүз кабардар кылуу.

4.3. Финансылык маселелерге тиешелүү келишимдер эки тараптын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан кол коюлат.
4.4. Тараптар бири-бирине милдеттеринин аткарылышын тастыктаган документтерди көрсөтүүгө милдеттүү.

## 5. ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

5.1. Тараптар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз милдеттерин аткарбоо же туура эмес аткаруу үчүн жооп беришет.
5.2. Бардык талаштар мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте сүйлөшүүлөр аркылуу чечилет.

## 6. КЕЛИШИМДИН МӨӨНӨТҮ

Бул келишим кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет жана 5 (беш) жыл бою иштейт. Келишим Тараптардын өз ара макулдашуусу менен же бир тараптын демилгеси боюнча, башка тарапты окуу жылы аяктаганга чейин 3 (үч) ай мурун кабарлоо шарты менен өзгөртүлүшү же токтотулушу мүмкүн.

**7. РЕКВИЗИТТЕР, МӨӨРЛӨР ЖАНА КОЛДОР**

**Саламаттык сактоо уюму**
Ош шаарындагы №1 Үй-бүлөлүк медицина борбору
Ош шаары, А.Шакиров көч., 20
ИНН: 00702202510023
Э/с 4407011101125312
МФО 440701
Банк Борбордук казына
ОКПО 33635529

**Директор**
________ **М.М.Халмурзаев**

М.О.

**Университет:**
Ош Эл аралык медициналык университети
Ош шаары, Алымбек Датка көч., 428
ИНН: 02602201910245
Банк: ЖАК «Демир Кыргыз Интернэшнл Банк»
ОКПО: 30268852
БИК: 118002
Р/с: 1180000136097674

**Ректор**
________ **Р.М.Джумаев**

М.О.